**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

**11 – класс. Жаран таануу.**

## Сабактын темасы: «Диний экстремизим - коркунучтуу саясат”

**Сабактын максаты:**

1. Окуучуларга экстремизм, диний уюмдар, «Хизб ут-Тахир, терроризм, радикалдар ж.б. тууралуу диний уюм мүчөлөрү, укук коргоо кызматкерлери ж.б. жолугушууларды өткөрүү аркылуу түшүнүк берүү;
2. Окуучуларды кырдаалды анализдөөгө жана өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүү;
3. Окуучуларды жарандык активдүүлүккө тарбиялоо; жергиликтүү (шаар, региондогу) проблемаларды чечүүгө жарандык катышуунун маанисин көрсөтүү; өз укуктарын жана жалпы эле адам укуктарын активдүү коргоого даяр турууга тарбиялоо.

**Сабактын тиби**: аралаш
**Сабактын формасы**: тегерек стол.
**Негизги түшүнүктөр**: терроризм, фундаментализм, экстемизм, Хизб – ут Тахир, бахабизм ж.б.

### Сабактын жүрүшү.

**1 – кадам**: **Экрандан диний экстремизм жөнүндө слайд көргөзүлүп турат.**

**Мугалимдин сөзү**: Бүгүн өз айланабызга башкача көз караш менен карап, улуттун руханий куржунундагы баалуулуктарды өзгөчө баалоочу кез келди. Ал баалуулук элибиздин динге болгон көз карашы. Ислам илимпоздору динге: “Дин – Кудайдын буйругунан бүткөн, акылга эгедер кишилерди аларды өз ыктыяры менен эң туура жолго түшүрүүчү жана жакшылыкка алып баруучу мыйзам”, - деп аныктама беришет. Демек, ар бир адам динди эч кандай зордук – зомбулуксуз кабылдашы керек.

Кыргызстанда дин бүгүнкү күндө эң көйгөлүү маселелердин бири. Себеби, диндин түпкү мааниси, өз багыттарын даңазалаган ар түрдүү диндердин көптүгүнөн жаштардын айрым бөлүгү диний секталарга кирип кетүүдө. Сырттан келген бардык диндик агымдарды ылгабастан каттап, өлкөбүзгө ээн – жайкын кое бердик эле, анын акыры эмне болду? Азыр анын жыйынтыгын көрүп, “ мөмөсүн татый” баштадык.

Бүгүнкү биздин тегерек столдун негизги максаты өлкөбүздө, шаарыбызда бул проблемалар кандай чечилүүдө, жашообузга коркунуч жокпу, мына ушу маселеге токтололу. Ушул маселелерди талкуулайлы деп шаарыбыздагы ички иштер бөлүмүндөгү 10 – топтун ага ыкчам кызматкери,

милициянын капитаны Мамбетов Адилет Канатбекович, шаардагы борбордук мечиттин имамы Чойбек ажы, “Балыкчы” газетасынын журналисти Марат Орозакунов ж.б. коомчулуктун өкүлдөрү олтурушат.

Тегерек столго мектептеги 11–класстын окуучулары катышып олтурушат. Алар диний экстркмизим жөнүндө материалдарды топтошуп, дил баян, реферат, буклет чыгарышып, сүрөт тартып келишти. Тегерек столду баштаардан мурда Кыргызстандагы диний экстремизм жөнүндө теле берүүдөн үзүндү көрүп, анан сөзүбүздү баштасак.

**2 – кадам: Теле берүүдөн үзүндү көргөзүү.**

**3 – кадам**: Окуучуларга сөз берүү.
Дил баяндарын, рефераттарын, буклеттери боюнча баяндама беришет.

**4 – кадам**: Чакырылган меймандар сүйлөшөт.

**5 – кадам**: Окуучулар суроолорду беришет.

**6 – кадам:** Жергиликтүү жаштарга “Кайрылууну“ окуу жана шаардык “Балыкчы“ гезитине кайрылуунун текстин жарыялоону сунуштоо.

**Болжолдуу берүүлүүчү суроолор:**

1. *20 жылдын ичинде Кыргызстанда диний агымдар күчөду муну токтотуунун жолдору барбы?*
2. Ислам *динин терорризм, экстремизм дегенге болбойт, бирок ислам динине жамынып алып көп кылмыш иштерин жүргүзүп жатышат ушу иштерди токтотсо болобу?*
3. *Түрдүү агымдарга эмне үчүн жаштар көбүрөөк тартылат?*
4. *Чет өлкөгө барып диний окуу жайларынан окуган жаштар силерден каттодон өтүшөбү?*
5. *Биздин шаарда канча диний агымдар бар?*
6. *Шаардагы диний мектептин окуу процессин текшересиңерби?*

***Тегерек столдун жыйнытыгында катышуучулар кайрылуу иштеп чыгышты:***

***К А Й Р Ы Л У У.***

***Урматтуу мекенибиздин келечек муундары болгон жаштар! Кыргызстанда дин бүгүнкү күндө эң көйгөйлүү маселелердин бири болуп турат. Себеби, диндин түпкү мааниси, максаты тууралуу чыныгы маалыматтын аздыгынан, өз багыттарын даңазалаган ар түрдүү диндердин көптүгүнөн жаштардын айрым бөлүгү диний секталарга кирип кетүүдө. Бул тармакты мамлекет көзөмөлгө алат деп күтө берүүгө болбойт. Ислам динин пайдаланган радикал – исламчылардын коркунучтуу миссиясы ар кандай террордук актылар,***

***киши өлтүрүүлөр, күч колдонуп коркутуп – үркүтүүлөр, шантаж жасоолор менен коштолоорун жана күчөп бартканын көрмөксөн, билмексен болуп коюга болбойт. Мындай иштерге көбүнчө жаштар тартылууда. Диний экстремистердин ким экендиктерин кылган иштерин улам өз көзубүз менен көрүп, акыл – эсибиз менен сезелик, келечегибизден чоочулаган абалга – жардын кырына келип калгандайбыз. Жаштарыбыздын эртңки келечегине балта чабууга даярдалган окуялар чыга баштады. Укук коргоо органдарынын маалыматтарына караганда, Ысык – Көл өрөөнүнүн бир катар шаар – айылдарында: ”мусулманчылыкка туура келбейт...” деп балдарын мектепке жибербеген жаш ата – энелер чыга баштады.***

***“Эсиң барда этегиңди жап” дегендей урматтуу кыргыз жаштары, таптакыр кеч болуп кала электе эсибизге келели! Бир курсагын ит деле тентип жүрүп тойгузат. А биз миңдеген жылдар бою жетпей жүрүп акыры жеткен көз карандысыз эгемен улуу КЫРГЫЗ мамлекети келечегибиз. Бейиш жерибизге көздөрүн кызартып, сук – напсисин агытып, жаланып турган нээти арам диний экстремистерге алданбайлы Азыркы өлкөдөгү диний коркунучтагы жар кырына келген опурталдуу абалыбызды мыйзам чыгаруучу ага-эжелерибиз, эл башында турган чиновник агаларыбыз тезинен талдап – таразалап, тартипке салат деп ишенебиз! Урматтуу жаштар байыртадан келе жаткан динибизди таза туталы!***

Балыкчы шаарындагы № 4 – гимназия мектебинин 11 – класстарынын окуучулары